Кыргыз Республикасынын
Санариптик өнүктүрүү жана
инновациялык технологиялар
министрлигинин буйругуна
2-тиркеме
«__» 2026-жыл №___

**Арыздардын жана келишимдердин негизинде ишке ашырылган радио жыштык нурлануунун же жогорку жыштыктагы электромагниттик толкундардын булагы болуп саналган жабдууларга, ошондой эле байланыштын башка техникалык каражаттарына шайкештик сертификаттарын берүү жана шайкештик декларацияларын каттоо боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүү стандарттары**

| **Мамлекеттик кызматтын паспорту** | | |
|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнүн толук аталышы | Радио жыштык нурлануусун берүүчү же жогорку жыштыктагы электромагниттик толкундардын булагы болуп саналган жабдууларга, ошондой эле башка техникалык байланыш каражаттарына шайкештик сертификаттарын берүү/шайкештик декларацияларын каттоо өтүнмөлөр жана келишимдер боюнча (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 токтому менен бекитилген мамлекеттик органдар жана алардын ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестринин 5-главасы, 45-пункту) |
| 2 | Кызмат көрсөтүүчү мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматынын (мындан ары - БТЖКК) атынан телекоммуникациялардын тармактык жөнгө салуучусунун функцияларын жана ыйгарым укуктарын ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги (мындан ары - СӨИТМ) |
| 3 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучулар | Жеке (16 жаштан жогору) жана юридикалык жактар, анын ичинде чет өлкөлүк жарандар |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуу боюнча укуктук негиздер | - «Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;<br>- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы № 267 «Шайкештикти баалоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» токтому;<br>- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-мартындагы № 178 «Шайкештик сертификатынын жана шайкештик жөнүндө декларациянын жаңы бланктарынын формаларын бекитүү жөнүндө» токтому;<br>- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июнундагы № 308 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматы жөнүндө жобо;<br>- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-февралындагы № 88 « Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн продукциянын шайкештигин ырастоо жана шайкештикти баалоо боюнча органдарды аккредиттациялоо чөйрөсүндөгү айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому;<br>Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майындагы № 260 «Радио жыштык спектринин параметрлери боюнча милдеттүү түрдө сертификациялануууга тийиш болгон техникалык байланыш каражаттарынын тизмесин бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин продукциянын шайкештигин ырастоо чөйрөсүндөгү айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому;<br>-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-январындагы № 20 «Шайкештик жөнүндө декларацияны кабыл |

| | | |
|---|---|---|
| | | алуу формасында продукциянын шайкештигин милдеттүү түрдө тастыктоо жөнүндө» токтому;<br>Бажы бирлигинин/Евразия экономикалык бирлигинин техникалык регламенттери:<br>«Төмөн вольттуу жабдуулардын коопсуздугу жөнүндө» (ТР ТС 004/2011);<br>«Техникалык каражаттардын электромагниттик шайкештиги» (ТР ТС 020/2011);<br>«Электротехника жана радиоэлектроника буюмдарында кооптуу заттарды колдонууну чектөө жөнүндө» (ТР ЕАЭБ 037/2016);<br>- ЕЭК Коллегиясынын чечимдери:<br>2013-жылдын 24-апрелиндеги № 91;<br>2014-жылдын 16-январындагы № 2;<br>2016-жылдын 26-январындагы № 11;<br>2012-жылдын 25-декабрындагы № 293;<br>2018-жылдын 20-мартындагы № 41 |
| 5 | Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтын акыркы жыйынтыгы | Шайкештик сертификаты<br>Шайкештик жөнүндө декларация |
| 6 | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн шарттары | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү арыз ээлерине төмөнкү шарттарда көрсөтүлөт:<br>- белгиленген санитардык ченемдерге жооп берген жайда;<br>- бардык арыз ээлеринин имаратка жана санитардык-гигиеналык жайларга (ажатканаларга, жуунуучу бөлмөлөргө), анын ичинде майыптар үчүн тоскоолдуксуз жеткиликтүүлүгү болгондо, пандустар, кармагычтар менен жабдылганда (имараттар, жайлар);<br>- жандуу кезекке туруу тартибинде.<br>Сертификациялоо органында күтүүгө ылайыктуу жерлер, жылытуу, суу түтүгү, телефон, интернет болушу керек.<br>Жарандардын жеңилдетилген категориялары (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары жана майыптары, ооруктун ардагерлери жана аларга теңештирилген адамдар, майыптар, кош бойлуу аялдар) кезексиз тейленет. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Келүүчүлөргө ыңгайлуу болушу үчүн кызмат көрсөтүүчү жерде кызматты алуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси жана арыздардын үлгүлөрү жайгаштырылат.<br>Кызматты жарым-жартылай электрондук түрдө көрсөтүүгө болот (электрондук арыздарды кабыл алуу жана бардык керектүү документтерди тиркөө).<br>Ошондой эле, арыз берүүчүлөргө ыңгайлуу болушу үчүн БТЖККнын расмий сайтында сертификациялоо жана декларациялоо үчүн арыз берүү тартиби жөнүндө маалымат жайгаштырылган |

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн мөөнөтү | Бардык керектүү документтер болгон учурда, кызмат көрсөтүүгө арыз кабыл алуу жарандар кайрылган күнү дароо ишке ашырылат.<br>Декларацияны каттоо мөөнөтү – 3 күн.<br>Жабдуулар белгиленген талаптарга жооп берген учурда продукцияны милдеттүү түрдө сертификациялоо мөөнөтү:<br>- Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарынын талаптары боюнча 18 жумушчу күндү түзөт, анын ичинде электрондук форматта;<br>- Бажы бирлигинин/ЕАЭБдин техникалык регламенттеринин (ТР ТС 004/2011 жана ТР ТС 020/2011) талаптары боюнча 30 жумушчу күндү түзөт, анын ичинде электрондук форматта (Сыноо лабораториясы республиканын чегинен тышкары жайгашкандыгына байланыштуу).<br>Кыскартылган форма боюнча иштерди жүргүзүү мөөнөтү - бардык тастыктоочу документтер болгон учурда арызды кабыл алгандан тартып, арыз ээсине шайкештик сертификатын бергенге чейин - бардык продукциялар үчүн, анын ичинде электрондук форматта да 2 күндөн ашпашы керек.<br>Жабдуулар же техникалык каражаттар белгиленген талаптарга жооп бербеген учурда, арыз ээсине кемчиликтерди жоюуга 2 айга чейин мөөнөт берилет |

| | | |
|---|---|---|
| **Мамлекеттик кызматты алуучуларды маалымдоо** | | |
| 8 | Арыз ээсине көрсөтүлүүчү кызматтар жана аларды стандартташтырууга жооптуу мамлекеттик орган жөнүндө маалымат берүү (зарыл болгон маалыматтын тизмеси) | Мамлекеттик кызмат жөнүндө маалыматты төмөнкү жерлерден алууга болот:<br>- БТЖККнын коомдук кабылдамасында;<br>- оозеки түрдө (телефон аркылуу же адис менен жеке байланышуу аркылуу);<br>- БТЖККнын расмий сайтында (https://www.baylanysh.gov.kg), ошондой эле электрондук почта аркылуу: (priemnaya@nas.gov.kg);<br>- Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталында (portal.tunduk.kg);<br>- БТЖККга жеке кайрылууда;<br>- маалыматтык такталардан.<br>Арыз формаларын толтуруунун үлгүсүн төмөнкү жерлерден алууга болот:<br>- Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталынан (portal.tunduk.kg);<br>- БТЖККнын расмий сайтынан;<br>- БТЖККнын имаратындагы такталардан.<br>Кызматтын стандарты такталарда, БТЖККнын расмий сайтында (nas.gov.kg) жайгаштырылган. Көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат жөнүндө маалыматты берүү кайрылган ар бир адамга акысыз негизде кепилденет. Маалымат мамлекеттик жана/же расмий тилдерде берилет |
| 9 | Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу жолдору (мүмкүн болгон бардык жолдорду мүнөздөө же санап берүү) | Көрсөтүлүүчү кызмат жөнүндө маалымат төмөнкү жолдор менен таратылышы мүмкүн:<br>- радио, телеберүү, маалыматтык сайттар;<br>- гезиттер;<br>- БТЖККнын расмий сайты (nas.gov.kg);<br>- такталар аркылуу;<br>- БТЖККнын коомдук кабылдамасы;<br>- Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы (portal.tunduk.kg);<br>- оозеки түрдө (телефон аркылуу же атайын жабдылган, видеокөзөмөл камералары орнотулган жерде адис менен жеке байланышуу аркылуу).<br>Даректер, телефон номерлери жана иш тартиби кызматтын стандарты менен бирге такталарга, БТЖККнын расмий сайтына жайгаштырылат. |

| | | |
|---|---|---|
| | | БТЖККнын иш графиги: дүйшөмбү – жума – саат 9.00дөн баштап 18.00гө чейин; түшкү тамактануу убактысы 12.30дан 13.30га чейин |
| **Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү** | | |
| 10 | Коноктор менен баарлашуу | Арыз ээлери менен иштеген бардык кызматкерлерде фамилиясы, аты, атасынын аты жана ээлеген кызматы көрсөтүлгөн жеке белгилери (бейджи) бар. Коноктор менен баарлашууда кызматкерлер этиканын төмөнкү негизги принциптерин сакташат: сылык, боорукер, туура, чыдамдуу, принциптүү болуу, маселени терең түшүнүүгө умтулуу, маектешүүнү угуп, анын көз карашын түшүнүү, ошондой эле кабыл алынган чечимдерди жүйөө менен түшүндүрүү.<br>Бардык кызматкерлер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол бербеген, этика ченемдерин сактоону камсыз кылган, жарандарга карата көз карандысыздыкты жана калыстыкты камсыз кылган, кызыкчылыктардын кагылышуусун жокко чыгарган кызматтык нускамаларды (функционалдык милдеттерди) жана кесиптик-этикалык ченемдерди сактоого тийиш. Медициналык көрсөткүчтөрү боюнча өзгөчө муктаждыктары бар адамдар (угуу жана көрүү боюнча майыптыгы бар жана таяныч-кыймыл системасы бузулган) үчүн баарлашуу алар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү түрдө жүргүзүлөт |
| 11 | Купуялуулукту камсыз кылуу жолдору | Алуучу жана ага көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздердеги суроо-талаптар боюнча гана берилиши мүмкүн |
| 12 | Мамлекеттик кызматты алуу үчүн арыз ээси тарабынан талап кылынган керектүү документтердин жана/же аракеттердин тизмеси | Арыз ээси төмөнкү документтерди тапшырышы керек:<br>1. Шайкештик сертификаттарын алуу үчүн:<br>- тиешелүү үлгүдөгү арыз;<br>- товар коштоочу документтер жана (же) жеткирилүүчү продукциянын номенклатурасын жана санын тастыктаган продукцияны өндүрүүчү менен түзүлгөн контракт (келишим);<br>- товарларга декларация; |

| | | |
|---|---|---|
| | | - сертификацияланууучу продукцияга ченемдик жана техникалык документтер (зарыл болгон учурда БТЖКК тарабынан суроо-талап боюнча);<br>- шайкештик сертификатынын көчүрмөсү, сертификаттын түп нускасын кармоочунун же сертификат берген сертификациялоо органынын мөөрүнүн түп нускасы менен күбөлөндүрүлгөн, же нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн;<br>- сертификациялоо схемаларына шайкеш башка маалыматтар жана документтер.<br>2. Шайкештик жөнүндө декларацияны каттоо үчүн:<br>- белгиленген үлгүдөгү арыз;<br>- товардык коштоочу документтер жана (же) жеткирилүүчү продукциянын номенклатурасын жана санын тастыктаган продукцияны өндүрүүчү менен түзүлгөн контракт (келишим);<br>- товарларга декларация;<br>- продукцияны идентификациялоону камсыз кылуучу продукция жөнүндө башка маалыматтар (эгерде бар болсо);<br>- продукция даярдалган (стандарт, уюмдун стандарты, техникалык шарттар же башка документ) (эгерде бар болсо) документтин (документтердин) белгилениши жана аталышы;<br>- юридикалык жактын же жеке жактын мүчө-мамлекеттин мыйзамдарына ылайык жеке ишкер катары мамлекеттик каттоодон өткөндүгүн тастыктаган маалыматтар (көчүрмө);<br>- шайкештик жөнүндө декларацияны каттоо үчүн техникалык регламентте (техникалык регламенттерде) каралган далилдик материалдардын көчүрмөлөрү, анын ичинде продукциянын изилдөөлөрүнүн (сыноолорунун) жана өлчөөлөрүнүн жыйынтыктары, ага карата колдонулуучу техникалык регламенттин (техникалык регламенттердин) талаптарынын сакталышын тастыктаган (эгерде техникалык регламентте |

| | | |
|---|---|---|
| | | декларацияланган продукцияны изилдөөлөрдү (сыноолорду) жана өлчөөлөрдү жүргүзүү каралган болсо), арыз ээсинин мөөрү жана колу менен күбөлөндүрүлгөн;<br>- техникалык шарттар (эгерде бар болсо);<br>- эксплуатациялоо документтери;<br>- ушул техникалык каражат шайкеш келген стандарттардын тизмеси, Бажы бирлигинин техникалык регламентинин стандарттарынын тизмесинен;<br>- шайкештик сертификаты (эгерде бар болсо);<br>- даярдоочунун шайкештик жөнүндө декларациясы (эгерде бар болсо) (техникалык каражаттардын партиясы (бирөөнө) үчүн).<br>Документтер мамлекеттик же расмий тилдерде берилет. Чет тилдерден тексттин түп нускасынын котормосу котормочунун колу жана мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Шайкештик сертификатын/шайкештик декларациясын алууга арыз берүү арыз ээсинин атынан нотариалдык жактан же ишкананын (субъекттин) мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн ишеним кат болгон учурда жол берилет.<br>Арыз ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:<br>- БТЖККга сертификациялоо боюнча иштерди жүргүзүүгө же продукцияны декларациялоого жазуу жүзүндө же «Бирдиктүү терезе» маалыматтык системасы аркылуу электрондук форматта арыз берүүгө; ошондой эле Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы (portal.tunduk.kg) аркылуу арыз берүүгө болот;<br>- Сертификациялоо/шайкештик жөнүндө декларациялоо иштерин жүргүзүү үчүн төлөмдү төлөө жана төлөм тууралуу эсеп-фактураны көрсөтүү.<br>Сертификациялоо жол-жобосунан өтүү үчүн мамлекеттик кызматтын колдонуучусу төмөнкүлөрдү аткарууга тийиш:<br>- кароо үчүн продукциянын партиясын берүү;<br>- партиядан үлгүлөрдү тандоо үчүн сертификациялык сыноолорду жүргүзүүгө шарттарды түзүү, зарыл болгон учурда |

| | | |
|---|---|---|
| | | сыноолорду жүргүзүү үчүн жабдууларды орнотуу.<br>Бардык арыздардын түрлөрү жана аларга коюлган талаптар маалыматтык тактада жана БТЖККнын расмий сайтында жайгаштырылган |
| 13 | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтын баасы | Сертификациялоо жана декларациялоо боюнча иштердин прейскуранты СӨИТМ тарабынан монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу аркылуу бекитилет. Сертификациялоо жана декларациялоо боюнча иштердин прейскуранты БТЖККнын расмий сайтында, маалыматтык тактасында жайгаштырылган. Мамлекеттик кызмат акы төлөнүүчү негизде көрсөтүлөт |
| 14 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер менен аныкталат:<br>- ушул стандартта көрсөтүлгөн мамлекеттик кызмат көрсөтүү шарттарына жана мөөнөттөрүнө ылайык ишенимдүүлүк, толуктугу жана өз убагында берилиши;<br>- мамлекеттик кызматты алуучуларга карата жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыгы, дини, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча басмырлоого жол бербөө;<br>- жеткиликтүүлүк, арыз ээлеринен стандартта көрсөтүлгөн кызматты алуу үчүн гана документтерди талап кылуу;<br>- кызмат көрсөтүү үчүн шарттардын шайкеш келүүсү;<br>- кызматкерлердин мамлекеттик кызматты көрсөтүүдөгү сылыктыгы жана маданияттуулугу, кызмат көрсөтүү жол-жоболорунун жүрүшүндө керектүү документтерди толтурууга жардам берүү жана консультация берүү;<br>- кызмат көрсөтүүнүн ушул стандартта белгиленген талаптарга шайкеш келүүсү;<br>- даттануулар жана сунуштар китебинин жеткиликтүү жерде болушу |
| 15 | Кызмат көрсөтүүлөрдү | Электрондук форматта кызмат «Бирдиктүү терезе» принциби боюнча төмөнкү тартипте көрсөтүлөт: |

| | | |
|---|---|---|
| | электрондук форматта берүү | 1) Арыз ээсине электрондук форматта иштөө үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын алдындагы Тышкы соода чөйрөсүндөгү «Бирдиктүү терезе борбору» мамлекеттик ишканасында (мындан ары – «БТБ» МИ) каттоо жол-жобосунан өтүп, электрондук санариптик кол тамга алуусу зарыл. «БТБ» МИнин электрондук дареги: www.trade.kg;<br>2) «БТБ» МИде катталган арыз ээси «БТБ» МИде ишке тартылган «Тулпар-Систем» маалыматтык системасын колдонуу менен сертификациялоо/декларациялоо боюнча иштерди жүргүзүү үчүн электрондук түрдө арызды жана керектүү документтерди жөнөтө алат;<br>3) Арыз ээси тарабынан жөнөтүлгөн арыз жана сертификациялоо боюнча иштерди жүргүзүү үчүн керектүү документтер «БТБ» МИнин «Тулпар Систем» маалыматтык системасы аркылуу автоматтык түрдө сертификациялоо/декларациялоо органына (БТЖКК) түшөт;<br>4) Сертификациялоо органы (БТЖКК) бардык документтер болгондо жана алардын аныктыгы тастыкталганда сертификациялоо/декларациялоо боюнча ишти баштайт;<br>5) Документтердин толук эмес пакетин берүү, электрондук санарип кол тамганын жоктугу сыяктуу дал келбөөчүлүктөр аныкталган учурда, кызматкер аныкталган дал келбөөчүлүктөр боюнча комментарийлер менен «Тулпар Систем» маалыматтык системасында арызды кайра арыз ээсине кайтарып берет.<br>Ошондой эле кызмат көрсөтүүнү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы № 525 токтому менен бекитилген эрежелерге ылайык, Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы аркылуу электрондук форматта көрсөтүүгө болот. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Эскертүү: Кызмат көрсөтүүнү алуу боюнча электрондук арызды жөнөтүү үчүн арыз ээси portal.tunduk.kg порталында катталуусу зарыл.<br>Кызматты алуу үчүн төмөнкүлөр зарыл:<br>1. portal.tunduk.kg сайтына кирүү.<br>2. 2017-жылкы үлгүдөгү ID-картаны же булуттуу электрондук кол тамганы колдонуу менен ишке ашуучу каттоо жок болгон учурда – каттоодон өтүү.<br>3. Тиешелүү кызмат көрсөтүүнү табуу.<br>4. Суроо-талапты түзүү үчүн «жөнөтүү» баскычын басуу керек.<br>5. Киргизилген суроо-талап дароо иштелип чыгат, кызмат көрсөтүүчүнүн маалыматтык системасына жөнөтүлөт жана маалыматтык документ көчүрмө түрүндө берилет.<br>Бул үчүн арыздардын сканерленген формаларын жана тармактын түзүлүш схемасын PDF форматында электрондук почта аркылуу жөнөтүү керек (priemnaya1@nas.gov.kg).<br>Кызматтын натыйжасы Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы жана электрондук почта аркылуу көрсөтүлөт.<br>Бардык арыздардын түрлөрү жана аларды толтуруу боюнча талаптар кызмат көрсөтүүчү жерде, маалыматтык такталарда жана БТЖККнын расмий сайтында (nas.gov.kg), ошондой эле Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталында жайгаштырылган.<br>Онлайн интерактивдүүлүк стадиясы – 3.<br>Расмий сайт функционалдык жактан электрондук формада арыз толтурууга жана аны мамлекеттик орган тарабынан кагазга басып чыгарбастан кароого кабыл алууга мүмкүндүк берет |
| **Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануу тартиби** | | |
| 16 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Кызмат көрсөтүүдөн баш тартууга болот:<br>- арыз ээси ушул стандарттын 3-пунктунун талаптарына жооп бербесе;<br>- арыз ээси ушул стандарттын 12-пунктунда көрсөтүлгөн керектүү документтерди бербеген учурда; |

| | | |
|---|---|---|
| | | - берилген документтерде чындыкка дал келбеген маалыматтар болсо;<br>- мурда бөлүнгөн номерлештирүү ресурсу натыйжасыз пайдаланылса (70%дан аз)<br>- лабораториялык сыноолордун жыйынтыгы боюнча продукция белгиленген талаптарга жооп бербеген учурда |
| 17 | Даттануу тартиби | Сертификациялоо/декларациялоо боюнча иштерди жүргүзүүдө талаш-тартыштар жаралса, арыз ээси БТЖКК жетекчилигинин атына даттанууга (апелляция) укуктуу.<br>Сертификаттоо органы (БТЖКК) төмөнкүлөргө милдеттүү:<br>- арыз ээсинин даттануусун (апелляция) кабыл алуу жана каттоо;<br>- даттанууну (апелляция) кароо;<br>- жазуу жүзүндө негизделген жооп даярдоо жана аны арыз ээсине берүү.<br>Сертификаттоо органына (БТЖКК) келип түшкөн жазуу жүзүндөгү кайрылуу катталган күндөн тартып 14 күндүн ичинде каралат.<br>Эгерде кайрылууну чечүү үчүн атайын текшерүү (экспертиза) жүргүзүү, кошумча материалдарды талап кылуу же башка чараларды көрүү зарыл болсо, даттанууларды чечүү мөөнөтү, арыз ээсине алдын ала билдирүү менен, өзгөчө учурларда 30 күнгө чейин узартылышы мүмкүн.<br>Апелляция боюнча терс чечим кабыл алынган учурда, арыз ээси сертификаттоо органынын (БТЖКК) мыйзамсыз аракеттерине даттанып, аккредиттөө органына (Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз аккредиттөө борбору) арыз (апелляция) берүүгө укуктуу. Ошондой эле арыз ээси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сертификациялоо органынын, аккредиттациялоо органынын аракеттерине сот тартибинде даттанууга укуктуу |
| 18 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын стандартын кайра | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандарты кеминде 3 жылда бир жолу мезгилдүүлүгү менен дайыма кайра каралып турушу керек |

| | | |
|---|---|---|
| | карап чыгуу мезгилдүүлүгү | |